КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БАТКЕН ОБЛАСТЫ
ДЕПУТАТТАРДЫН СҮЛҮКТҮ ШААРДЫК
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ
СУЛЮКТИНСКИЙ ГОРОДСКОЙ
КЕНЕШ ДЕПУТАТОВ

**Сүлүктү шаардык кеңешинин (сегизинчи чакырылышы) V сессиясы**

**Токтом №01-5/ 32**

Сүлүктү шаары 16.06. 2025-жыл

**Жергиликтүү бюджеттин эсебинен 2025-жыл ичинде аткарылуучу иш чаралардын айрымдарына өзгөртүүлөрдү киргизүү жана акча каражаттарын беренеден беренеге жылдырууга макулдук берүү жөнүндө**

Сүлүктү шаардык мэриясынын 09.06.2025ж. №01-7/1589 сандагы жергиликтүү бюджеттин эсебинен 2025-жыл ичинде аткарылуучу иш чаралардын айрымдарына өзгөртүүлөрдү киргизүү жана акча каражаттарын беренеден беренеге жылдырууга макулдук берүү жөнүндөгү каты боюнча "Бюджет, экономика, инвестиция жана ишкердикти өнүктүрүү боюнча" туруктуу комиссиясынын сунуштарын угуп жана талкуулап Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Мыйзамынын 34 беренесинин негизинде Сүлүктү шаардык кеңеши

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Жергиликтүү бюджеттин эсебинен 2025-жылдын ичинде аткарылуучу иш чарасынын 3111 беренесиндеги Раззаков көчөсүндөгү мэриянын алды тарабындагы тротуарды куруу иш чарасыдан 1500 000 сом, Тегирмен-Сай участкасындагы суу сактагычты тазалоо иш чарасыдан 688 000 сом, жалпы 2188 000 сом акча каражатын 3111 беренесине И. Раззаков көчөсүнө асфальт төшөө үчүн жылдырууга макулдук берилсин;
2. 3111 беренсиндеги Раззаков көчөсүнө тротуарга асфальт төшөө иш чарасыдан 800 000 сом акча каражатын 3111 беренесинин Борбордук мечиттен баштап Шахтер дүкөнүнүн алдындагы көпүрөөгө чейинки аралыктагы лотокторду капиталдык ремонттон өткөрүү иш чарасына жылдырып жалпы 1474 600 сом акча каражатын которууга макулдук берилсин;
3. 3111 беренесиндеги Тегирмен сай участкасындагы суу сактагычты тазалоо иш чарасынан 3111 беренесине Кызыл-Бел участкасындагы жол коопсуздугу кызматкерлери туруучу контейнерди оңдоп түзөө үчүн 312 000 сом акча каражатын жылдырууга макулдук берилсин;
4. 3111 беренесиндеги Токтогул, Шахтер, Отбасаров көчөлөрүндөгү көпүрөөлөрдү оңдоп түзөөгө ПСД даярдоо иш -чарасыдан Амраев көчөсүнө балдар ойноочу аянтчасына керектүү эмеректерди сатып алуу үчүн 3112 беренесине 400 000 сом акча каражатын жылдырууга макулдук берилсин
5. Токтомдун аткарылуусун көзөмөлдөө жагы шаардык кеңештин "Бюджет, экономика, инвестиция жана ишкердикти өнүктүрүү боюнча" туруктуу комиссиясына жүктөлсүн

Төрага: Б.А.Абдуназаров